КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

21.02.2024-жыл

**ТОКТОМ**
**№2**

Согоду айылы

**"Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып **"Жибек Жолу"** айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Бүлөлү жана Ленин айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен "Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: "Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение "Айылный кенеш "Жибек Жолунского" айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: "Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңеши м-и.
- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш "Жибек Жолунского" айылного аймака

2. " Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жобосу бекитилсин.
3. "Жибек Жолу" айыл аймагынын айылдык кеңешинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Согонду айылы, Согонду-2 көчөсү № 1 болуп аныкталсын.
4. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**